# 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коомунун ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 26-февралындагы №06-1/93, 2025-жылдын 15-майындагы № 06-1/248 буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.Т. Байгазаковдун жетекчилиги алдында, мамлекеттик инспекторлор С. Рысалиев, С.Т. Курманбекова тарабынан 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коомунун (мындан ары - “МКУ” ААКсы же Коом) ишине шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси**

Бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коому эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

“Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ААКсынын жалпы милдеттерине мыйзамдуу орган тарабынан өкүлдөлгөн ыйгарым укуктарды ишке ашыруу жана Коомдун каражаттарын тескөө, ошондой эле ушул аудиттин предметине карата жооптуу болуу кирет.

**Аудит мезгили аралыгында Коомдун жетекчилери жана каржылоону бөлүштүрүүчүлөр**:

- *биринчи кол коюу укугу менен:* Башкармалыктын төрагасы Г.К. Абдралиева 2023-жылдын 14-сентябрына чейин, Э.С. Калдарбеков азыркы учурга чейин;

- *экинчи кол коюу укугу менен* – бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башкы бухгалтери Б.Т. Раева 2023-жылдын 31-декабрына чейин, 2024-жылдын 8-январынан тартып 2024-жылдын 30-ноябрына чейин Д.А. Ким, 2024-жылдын 1-декабрынан тартып азыркы учурга чейин Э.К. Сатывалдиева.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

“МКУ” ААКсынын ишине жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин критерийлерине аудит предметинин шайкештиги боюнча өз алдынча корутундуга келүүдө турат. Аудит корутундуларды тастыктаган, жетиштүү жана тиешелүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин субъектисинин ишин жөнгө салган ченемдик укуктук документтерде белгиленген максаттары менен милдеттеринин сметасын аткарууга ылайык келиши аудиттин предмети болуп саналат.

**Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:**

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы;
- Бюджеттин түзүлүшүн жана анын аткарылышын талдоо;
- Банк операцияларыын ишине аудит;
- Кирешелердин толуктугу жана өз убагында алынышы;
- Дивиденддин өлчөмүн аныктоо жана аларды төлөө;
- Пайдаларды жана чыгымдардын түзүлүшүн, таза пайданы талдоо;
- Штаттык лимиттерди сактоо жана эмгек акыны эсептөө;
- Иш сапарынын чыгымдарын талдоо;
- Дебитордук жана кредиттик карыздарды талдоо;
- Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын толуктугуна жана сакталышына аудит;
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышы;
- Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо.

**Аудит критерийлери**

Ушул аудиттин предметинин ылайык келүүсүн баалоо боюнча критерийлер төмөндөгү ченемдик укуктук актылар:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-мартындагы ПЖ № 79 “Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу рыногун өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Кыргыз Республикасында камсыздандырууну уюштуруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшү маселелери жөнүндөгү” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июнундагы №292 “Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмдары жана камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) брокерлери үчүн уставдык капиталдын минималдык өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-январындагы №3 “Камсыздандыруучу уюмдар тарабынан камсыздандыруу (техникалык) резервдерин жайгаштыруунун эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 28-декабрындагы № 883 “Мамлекеттик камсыздоо уюму” ачык акционердик коомун түзүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби;
– “МКУ” ААКнын уставы.

## Аудитти жүргүзүүдө колдонулган аудиттин стандарттары

Аудит INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана ISSAI 400 и ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган) көрсөтмөлөргө ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 29.03.2021-жылдагы №01-26/56 токтому менен бекитилген аудит боюнча Колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

## Аткарылган иштин кыскача баяндамасы

Аудиттин жүрүшүндө “МКУ” ААКсынын ишине тийиштүү болгон ченемдик укуктук актылар, ички ченемдик документтер, бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттор, бухгалтердик жана башка финансылык документтер текшерилди.

Аудит Коомдун жетекчилери жана жооптуу кызматкерлери тарабынан берилген документтердин, материалдардын жана маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү. Аудитке документтерди камсыз кылган Коомдун жетекчилери жана жооптуу кызматкерлери, берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

## Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү

“МКУ” ААКсы адистештирилген уюм болуп саналат, анын максаты өрттүн жана табигый кырсыктардын натыйжасында турак жайлардын бузулушуна же жок кылынышына байланышкан жоготуулардын ордун толтуруу, ошондой эле милдеттүү жана ыктыярдуу камсыздандыруунун башка түрлөрүн өнүктүрүү үчүн экономикалык шарттарды камсыз кылуу. “МКУ” ААКсы өз ишин камсыздандыруу жана кайра камсыздандыруу, анын ичинде экспорттук тобокелдиктер чөйрөсүндө Евразиялык кайра камсыздандыруу компаниясы менен өз ара аракеттенүүнүн алкагында жүзөгө ашырат. Коом, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 28-декабрындагы № 883 “Мамлекеттик камсыздоо уюму” ачык акционердик коомун түзүү жөнүндө токтомунун негизинде түзүлгөн.

“МКУ” ААКсынын уставдык капиталы 2023-жылдын 1-январына карата 370 142,0 миң сомду түзгөн. 2023-жыл аралыгында уставдык капитал 624 209,8 миң сомго көбөйтүлүп (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-ноябрындагы №718 буйругу менен 600 000,0 миң сом каржыланган, 2023-жылдын 30-мартындагы №1 акционерлердин жылдык жалпы чогулушунун чечими менен 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 48 419,7 миң сом таза пайданын 50% 24 209,8 миң сомго ишкананын уставдык капиталын көбөйтүүгө жумшалган) 2024-жылдын 1-январга 994 351,8 миң сомду түзгөн, ар биринин номиналдык наркы 100 сомду түзгөн 9 943 518

жөнөкөй номиналдык акцияларга ээ. Баалуу кагаздарды кармоочулардын реестрин, көз карандысыз адистештирилген реестр “Реестродержатель Медина” ЖЧКсы жүргүзөт.

2024-жылдын ичинде КР МКнын 2024-жылдын 22-августундагы № 495 буйругунун негизинде 150 000,0 миң сом суммасында каржыланып, уставдык капиталы көбөйтүлгөн, ал 2024-жылдын 1-январында 1 144 351,0 миң сомду түзгөн, номиналдык наркы 100 сом болгон 11 443 510 даана жөнөкөй акцияларга ээ.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун жана сунуштамалардын аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду тарабынан республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн жана бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин алкагында, “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коомунун 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине жөнөтүлгөн 2023-жылдын 1-сентябрындагы № 01-20/94 сунуштаманын Коомго тиешелүү болгон №14 пункту аткарылган.

## “МКУ” ААКсынын 2023-2024-жылдардагы ишинин негизги жыйынтыктары

“МКУ” ААКсы милдеттүү камсыздандыруунун 6 түрү жана ыктыярдуу камсыздандыруунун 25 түрү боюнча иш жүргүзөт.

2023-жылы – 150932 келишим, 2024-жылы 335065 келишим түзүлүп, 2023-жылга салыштырмалуу келишимдин саны 184 133 бирдикке өскөн, же +122%ды көрсөткөн.

| Позициянын аталышы | 2023-ж. | 2024-ж. | Динамикасы | Пайызы | Өсүү |
|---|---|---|---|---|---|
| Камсыздандыруу келишимдеринин саны | 150 | 335,0 | **+184,1** | **+122%** | **x2,22** |

Камсыздандыруунун түрлөрүнүн саны боюнча 2023-жылга салыштырмалуу 2024-жылдын көрсөткүчтөрү:

- 2023-жылы милдеттүү камсыздандыруу 144500 бирдик; ыктыярдуу камсыздандыруу 6432 бирдик;
- 2024-жылы милдеттүү камсыздандыруу 325 577 бирдик, ыктыярдуу камсыздандыруу 9 488 бирдик

2024-жылга салыштырмалуу милдеттүү камсыздандыруунун саны 125,3%га же 2,3 эсе өскөн, ал эми ыктыярдуу камсыздандыруу 47,5%га же, 1,5 эсеге өскөн.




**Коомдун камсыздандыруунун түрлөрү жана суммалары жөнүндө маалымат**

2023-жылы түзүлгөн келишимдер боюнча камсыздандыруу суммасы 105 806,0 миң сомду, ал эми 2024-жылы 404 231,7 миң сомду түзүп, 298 425,7 миң сомго, же 282,0%га өскөн.

**Коомдун камсыздандыруу төлөмдөрү**

2023-жылы камсыздандыруу төлөмдөрү салыксыз 178 555,1 миң сомду түзгөн, кайра камсыздандырууга которулганы 1 166,5 миң сом, келишимдерди бузуу менен 6,7 миң сом кайтарылган, иш жүзүндө 177 381,9 миң сом.

Инвестициялык киреше 65 809,0 миң сомду түзүп, жалпы киреше 243 190,0 миң сомду көрсөткөн.

2024-жылы камсыздандыруу төлөмдөрү (салыксыз) 1 287 388,6 миң сомду түзгөн, кайра камсыздандырууга которулганы 647 759,7 миң сом, келишимдерди бузуу менен 14 348,0 миң сом, иш жүзүндөгү акча каражаты 625 280,9 миң сом. Инвестициялык киреше 139 843,4 миң сомду түзүп, жалпы киреше 765 424,8 миң сомду көрсөткөн.

Милдеттүү камсыздандыруу боюнча олуттуу өсүү 2023-жылы 114 500,0 миң сомдон 2024-жылы 380 000,0 миң сомго өсүп, 231,7%ды түзгөн.

2024-жылы ыктыярдуу камсыздандыруу боюнча жыйымдардын көлөмү 62 800,0 миң сомдон 893000,0 миң сомго чейин өсүп, 830 200,0 миң сомго (14 эсе) өскөн.

**Коомдун кайра камсыздандыруу боюнча иши**

Кайра камсыздандыруу иши Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 932-беренесинин негизинде жүргүзүлөт. Аталган беренеге ылайык, камсыздандыруу компаниясы ири же татаал тобокелдиктерди башка камсыздандыруучуларга өткөрүп берип, өзүнүн жоопкерчилигин толугу менен же жарым-жартылай бөлүштүрүүгө укуктуу.

“Кыргыз Республикасында камсыздандырууну уюштуруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, камсыздандыруучулар

өзүнүн менчигиндеги каражаттарынын жана камсыздандыруу резервдеринин эсебинен аткарууга мүмкүнчүлүгү жок болгон милдеттенмелерди алган учурда, алар ошол милдеттенмелерди аткаруу тобокелдигин кайра камсыздандыруучуларга өткөрүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-ноябрындагы №299 токтомунун 1-пукнтуна ылайык, камсыздандыруу келишиминде бир тобокелдик боюнча жоопкерчиликтин көлөмү камсыздандыруучунун менчик каражаттарынын 20%ынан ашпоого тийиш.

2024-жылы өзгөчө камсыздандырылган чоң объекттер жана тобокелдиктер боюнча жоопкерчилик көлөмү белгиленген чектен ашып кеткендигине байланыштуу, тиешелүү тобокелдиктер кайра камсыздандырууга өткөрүлгөн.

| **Позициянын аталышы** | **2023-ж.** | | **2024-ж.** | |
|---|---|---|---|---|
| | **саны** | **төлөм** | **саны** | **төлөм** |
| Кайра камсыздандыруудан алынган камсыздандыруу сый акы төлөмдөрү | 15 | 1 342,8 | 10 | 1 217,9 |

## “МКУ” ААКсынын филиалдары боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн саны

2023-жылы милдеттүү жана ыктыярдуу камсыздандыруунун алкагында 151 төлөм жүргүзгөн, камсыздандыруу компенсациясынын суммасы 27244,7 миң сомду түзгөн.

2024-жылы милдеттүү жана ыктыярдуу камсыздандыруунун алкагында 371 төлөм жүргүзгөн, камсыздандыруу компенсациясынын суммасы 69 555,0 миң сомду түзгөн.




2023-жылдын жыйынтыгы менен салыштырганда камсыздандыруу төлөмдөрүнүн саны 2,5 эсеге көбөйгөн (2023-жылга – 151 камсыздандыруу төлөм болгон же, 2024-жылга 220 төлөмгө, же +145,7% га көбөйгөн).

## 2023-2024-жылга бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына, кирешенин түшүүсүнө, алынган пайдага жана таза пайданын бөлүштүрүлүшүнө талдоо

2023-жылы камсыздандыруу келишими боюнча сый акысынын кирешесинин планы 125 000,0 миң сомго бекитилген, ал эми жылдын жыйынтыгы менен план 177 382,0 миң сомго, же 141,9% аткарылган.

Инвестициялык киреше план боюнча 51300,0 миң сомго бекитилип, 65809,0 миң сомго, же 128,3% аткарылган.

2024-жылга камсыздандыруу келишими боюнча сый акысынын кирешесинин планы 420 000,0 сомго бекитилип, жылдын жыйынтыгы 625 581,4 миң сомго, же 48,9%га ашык аткарылган.

Инвестициялык киреше план 110 000,0 миң сом, иш жүзүндө 139 843,4 миң сом.

**Чыгымдарды талдоо**

Берилген маалыматтар боюнча 2023-жылга чыгымдар боюнча план 142 925,0 миң сомго бекитилип, 169 076,0 миң сомго аткарылган.

2024-жылга чыгымдар боюнча план 355 481,0 миң сомго бекитилип, 278 652,3 миң сомго аткарылган.

**Камсыздандыруу (техникалык) резервдердин түзүлүшүн талдоо**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 5-августундагы №500 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу уюмдарынын камсыздандыруу (техникалык) резервдерине чегерүүлөрдүн нормативдерин эсептөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун 1-пунктунун 2-пунктчасына ылайык, аудиттин жүрүшүндө чыгымдарды эсепке алуу журналдарын жана башка документтерин талдоодо, резервдерге чегерүүлөрдүн ченемдерин так эсептөө үчүн, 1С. Бухгалтердик эсеп программасында “Камсыздандыруу окуясы” же “доосу” арыздар (табыштама) боюнча операциялар киргизилген эмес.

2023-жылдын ноябрь айынан 2024-жылдын 31-декабрына чейин Камсыздандыруу дооматтары боюнча маалыматтарды киргизүү жүргүзүлбөгөндүктөн, 2023-2024-жылдарга резервдердин түзүлүшү туура эмес эсептелинген.

*2023-жылы 36 722,3 миң сомго, 2024-жылы 16 983,4 миң сомго эсептөөлөр жүргүзүлгөн. Ал эми аудит учурунда эсептөөлөр жүргүзүлүп, 2023-жылга резервдин көлөмү 38 050,0 миң сомго такталып, айырма 1 327,7 миң сомду түзгөн, 2024-жылга резервдин көлөмү 105 469,6 миң сомго такталып, айырма 88 486,2 миң сомду түзгөн.*

Жогорудагы камсыздандыруу (техникалык) резервдеринин көлөмүн кайрадан эсептөөнүн натыйжасы, пайда салыгынын өзгөрүүсүнө алып келген. Анткени, пайдадан чегерилүүчү салыкты эсептөөдө КР Салык кодексинин 244-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 5-августундагы №500 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу уюмдарынын камсыздандыруу (техникалык) резервдерине чегерүүлөрдүн нормативдерин эсептөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун 1-пунктунун 2.1-пунктчасына ылайык, жылдык жалпы кирешеден чегерүүлөрдүн суммасын Камсыздандыруучу резервдик

фонддорго ылайык чыгаруу укугу каралган. Бирок, “МКУ” ААКсы тарабынан 2023-2024-жылдарга берилген Бирдиктүү салык декларациясында техникалык резервдер жалпы чыгымдын суммасынан чыгарылган эмес.

**Сунуштама:**

- 2023-2024-жылдарга берилген Бирдиктүү салык декларациясын Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 244-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 5-сентябрындагы №500 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу уюмдарынын камсыздандыруу (техникалык) резервдерине чегерүүлөрдүн ченемдерин эсептөөнүн тартиби жөнүндө” жобосунун 2.1-пунктчасынын талаптарына ылайык кайрадан эсептөөлөр жүргүзүлсүн.
- Камсыздандыруу (техникалык) резервдерине чегерүүлөрдүн нормативине эсептөөлөр так киргизилбей жана жалпы жылдык кирешелерден чегерүүлөрдүн суммасы чыгарылбай туруп, эсептик жүгүртүүлөргө жол берген “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коомунун башкы бухгалтеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Финансылык тармакты жетектөөдө, бухгалтердик эсеп жетиштүү деңгээлде уюштурулбагандыгына жана чарбалык операцияларды жүргүзүүдө мыйзамдарды бузууларга жол берген, “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коомунун Башкармалыгынын төрагасынын тиешелүү орун басарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 226-беренесинин 2 жана 5-бөлүктөрүнүн негизинде, салык салуу максаттары үчүн амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы салык төлөөчүлөр тарабынан ушул беренеде белгиленген тартипте жыл сайын салыктык максаттарда амортизациялана турган негизги каражаттар, ар бир топ боюнча топтун салыктык наркын аныктайт. Бирок, 2023-жылга Бирдиктүү салык декларациясынын 2-тиркемесинде 7-саптагы “эсептен чыгарылууга тийиш болгон чыгымдар” (амортизациялык чыгымдар) 4 702,5 миң сомго көрсөтүлгөн. Аудит учурунда кайра эсептөөлөр менен 2 974,4 миң сомго, же 1 728,1 миң сомго ашыкча эсептелген.

2024-жылы Бирдиктүү салык декларациясында амортизациялык чыгымдар 6 401,7 миң сомго көрсөтүлгөн, ал эми кайра эсептөө менен 15 039,3 миң сомду түзгөн, же 8 637,6 миң сомго кем эсептелинген.

**Сунуштама**

- Бирдиктүү салык декларациясынын такталган формасы тиешелүү салык инспекциясына тапшырылсын;

- Салыктык максаттарда амортизациялана турган негизги каражаттар 1-топ 30% жана 2-топ 25% өлчөмүндө 2023-2024-жылдарга кайрадан эсептөө менен топтун салыктык наркы аныкталсын;

- Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунда дивиденддерди кайрадан бөлүштүрүү боюнча сунуш киргизилсин жана чечим кабыл алынсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Финансылык тармакты жетектөөдө, бухгалтердик эсеп жетиштүү деңгээлде уюштурулбагандыгына жана чарбалык операцияларды жүргүзүүдө мыйзамдарды бузууларга жол берген, "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" ачык акционердик коомунун Башкармалыгынын төрагасынын тиешелүү орун басарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Банк операцияларын талдоо**

01.01.2023-жылга карата каражаттардын калдыгы 35 072,8 миң сомду түзгөн жана эсептешүү эсебине жалпы суммасы 2 061 020,2 миң сом каражаттар түшкөн, жалпы чыгымдар 2 056 102,7 миң сомду түзүп, 01.01.2024-жылга 39 990,3 миң сом калдык менен өткөн.

**Аныкталды жана корутунду**

"МКУ" ААКсынын банк кириштөө операцияларына талдоо жүргүзүүдө, камсыздандыруу төлөмдөрүн кириштөөдө акча каражаттарынын толук түшпөй калуу тобокелчилиги байкалат, себеби Бирдиктүү төлөм шлюзун иштеп чыгуу кызматы жөнгө салынган эмес.

"МКУ" ААКсынын филиалдарынын банк эсебинде банк көчүрмөлөр менен филиалдын бухгалтердик маалыматтарынын ортосундагы дал келишин камсыз кылуучу салыштыруу актылары түзүлгөн эмес, айрым банктардан ашыкча иштебеген банк эсептери ачылган, алсак, 136037400320895, "Керемет Банк" ААКсы, "Айыл банк" ААКсы, 1350100998791145.

**Сунуштама**

- "МКУ" ААКсы тарабынан камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча Бирдиктүү төлөм шлюздары иштелип чыксын жана аны ишке ашырылышы жетекчилик тарабынан көзөмөлгө алынсын;

- Бухгалтердик эсептин жалпы тутумунун бир бөлүгү катары банк эсебинде банк көчүрмөлөр менен филиалдын бухгалтердик маалыматтарынын дал келишин камсыз кылуучу салыштыруу актылары түзүлсүн.

**2023-2024-жылдардагы банк депозиттери**

01.01.2023-жылы банк депозиттердин эсебинде 423 350,0 миң сом калдык болгон, жыл ичинде 387 000,0 миң сомго киреше түшүп, 324 350,0 миң сом чыгымдалган, 01.01.2024-жылга 486 000,0 миң сом калдык менен өткөн.

01.01.2024-жылы банк депозиттердин эсебинде 486 000,0 миң сом калдык болгон, жыл ичинде 336 000,0, миң сомго киреше түшүп, 119 000,0 миң сом чыгымдалган, 01.01.2024-жылга 703 000,0 миң сом калдык менен өткөн.

## Кызматкерлердин эмгек акысын талдоо

"МКУ" ААКсынын кызматкерлеринин эмгек жана сый акылары, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана Коомдун Уставына ылайык, "МКУ" ААКсынын эмгек акы төлөө жана кызматкерлерди материалдык түрдө стимулдаштыруу жөнүндө" жобонун негизинде жүргүзүлөт.

01.01.2023-жылы кызматкерлердин эмгек акысы жыл ичинде жалпы 74 410,1 миң сомго эсептелип, жалпы чыгымдын 44%ын түзгөн.

2024-жылга кызматкерлердин эмгек акысы 168 718,9 миң сом, жалпы чыгымдын 61,0 %ын түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

"МКУ" ААКнун Кеңешинин мүчөлөрүнүн жыйналышынын 2023-жылдын 7-декабрындагы №70 протоколу менен 62 штаттык бирдик 3 373,2 миң сомго бекитилген. Бекитилген штаттык ыраттамада акционердик коомдун жетекчилик курамына төлөнүүчү кызматтык маянасы:

- Башкармалыктын төрагасы 180,0 миң сом;
- Башкармалыктын төрагасынын орун басары 2 бирдик 165,0 миң сомдон;
- башкы бухгалтер 57,0 миң сом өлчөмүндө белгиленген.

2024-жылы октябрь айынан Башкармалыктын төрагасы менен 68 штаттык бирдик бекитилип жетекчилик курамынын маянасы:

- Башкармалыктын төрагасы 288,0 миң сом;
- Башкармалыктын төрагасынын орун басары 3 бирдик 263,0 миң сомдон;
- башкы бухгалтер 110,0 миң сом өлчөмүндө белгиленген.

"Эмгек акы төлөө жана кызматкерлерди материалдык түрдө стимулдаштыруу жөнүндө" жобосунун негизинде эмгек маяна жана аткарылган иштин жыйынтыгы менен кварталдык сый акылар берилген. Мисалга алсак 2024-жылдын декабрь айында:

- Башкармалыктын төрагасынын эмгек маянасы 288,0 миң сом, кварталдык сый акы 365,6 миң сом, жалпы 653,6 миң сом чегерилип, салыктарды кармоодон кийин 526,8 миң сом колуна алган.

- Башкармалыктын төрагасынын орун басары эмгек маяна 263,0 миң сом, кварталдык сый акы 329,3 миң сом, жалпы 592,3 миң сом чегерилип, салыктарды кармоодон кийин 488,1 миң сом колуна алган.

- башкы бухгалтердин эмгек маянасы 110,0 миң сом, кварталдык сый акы 117,3 миң сом, кипиай 66,0 миң сом, жалпы 293,3 миң сом чегерилип, салыктарды кармоодон кийин 236,4 миң сом колуна алган.

Ошондой эле бөлүмдүн адистеринин эмгек маянасы жана сый акысы: эмгек маяна 47,0 миң сом, кварталдык сый акы 75,2 миң сом, кипиай 28,2 миң сом, жалпы 150,4 миң сом чегерилип, салыктарды кармоодон кийин 121,3 миң сом колуна алышат.

Башкармалыктын төрагасы менен бөлүмдөрдүн адистеринин эмгек маянасын салыштыра келсек, 4,3 эсе жогорулатылып алынууда. Ал эми башкармалыктын төрагасынын орун басарынын эмгек маянасын бөлүмдөрдүн адистеринин эмгек маянасы менен салыштырууда 4 эсе, башкы бухгалтердики 2 эсе жогорулатылгандыгы байкалган.

“МКУ” ААКсынын Башкармалыгынын 2023-жылдын 16-январындагы №3 токтому менен бекитилген “МКУ” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жана материалдык түрдө стимулдаштыруу жөнүндөгү” жобосунда, жетекчилик курамдын кызматтык маяналарынын өлчөмү аткарылган иштин көлөмү жана мүнөзү менен аныктала тургандыгы жетишерлик деңгээлде чагылдырылган эмес.

**Сунуштама:**

“Мамлекеттик камсыздандыруу коому” ачык акционердик коому каражаттарды натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу максатында, жетекчилик курамындагы кызматтарды оптималдоо максатында, кызматтык милдеттерине функционалдык талдоо жүргүзүү менен, кызматтык маяналардын өлчөмүн аткарылган иштин көлөмү жана мүнөзү менен ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

“МКУ” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жана материалдык түрдө стимулдаштыруу төлөө жөнүндө” жобонун 5.6-пунктунда тартиптик жазасы бар кызматкерлерге кварталдык сый акынын 50%ы берилет, бирок тартиптик жазасы бар кызматкерлерге 169,4 миң сом суммасында белгиленген ченемден ашыкча сый акы төлөнүп берилген.

*(Аудиттин жүрүшүндө ашыкча төлөнгөн 169,4 миң сом сый акы тиешелүү кызматкерлердин 2025-жылдын июнь айындагы эмгек акыларынан кармалып, ордуна коюлган).*

**Сунуштама**

“МКУ” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жана материалдык түрдө стимулдаштыруу жөнүндө” жобонун 5.6-пунктунун талаптарын бузуу менен, тартиптик жазасы бар кызматкерлерге сый акыны толук берүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## Жергиликтүү иш сапарларынын чыгымдарын талдоо

“МКУ” ААКсынын маркетинг боюнча жетектөөчү адиси А.А. Акылбекова Каракол шаарына болгон иш сапарына транспорттук чыгымы үчүн берилген 2,0 миң сомго тастыктаган документи жок экендиги аныкталган.

*(Аудиттин жүрүшүндө 2,0 миң сом акча каражаты А.А. Акылбекова тарабынан ордуна коюлган).*

## Негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды талдоо

31.12.2024-жылга карата “МКУ” ААКсынын карамагында 56 752,4 миң сом суммасында негизги каражаттар болгон.

**Аныкталды жана корутунду**

“Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинде бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун маалыматтарынын тууралыгы жана тактыгы активдер менен милдеттемелерди

инвентаризациялоонун жыйынтыктары боюнча ырасталат. Инвентаризациялоо жүргүзүү тартиби жана мөөнөтү субъекттердин эсеп саясатына ылайык жүргүзүлөөрү белгиленген, бирок 2024-жылы “МКУ” ААКсынын негизги каражаттарына инвентаризация жүргүзүлгөн эмес жана эсеп саясатында көрсөтүлгөн эмес.

30.12.2024-жылы негизги каражаттар эсептен чыгарылып, 1 629,7 миң сомго эсептен чыгаруу актысы түзүлгөн. Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 22-июлундагы № 407 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишканаларынын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө” жобонун 14-пунктунун талаптарында белгиленгендей негизги каражаттарды эсептен чыгаруу актысында мүлк тууралуу толук маалыматтар көрсөтүлгөн эмес.

Аталган жобонун 20-пунктунда, “комиссиянын ишинин жыйынтыгы боюнча комиссиянын протоколу түзүлүп, эсептен чыгарууга сунушталган мүлктүн техникалык абалынын актысы тиркелет” деп көрсөтүлгөн. Бирок, атайын чакырылган ишкананын техникалык абалына экспертиза жүргүзүлбөй жыйынтыктоо актысы жок  эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 22-июлундагы № 407 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишканаларынын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө” жобонун:

- талаптарына ылайык негизсиз эсептен чыгарылган 1 629,7 миң сом суммасындагы негизги каражаттар толуктоолорду киргизүү менен эсептен чыгарылсын.
- талаптарын бузуу менен, 1 629,7 миң сом суммасындагы негизги каражаттарды негизсиз эсептен чыгарууга  жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун жүргүзүүсүнө талдоо**

**Аныкталды жана корутунду**

“МКУ” ААКсынын эсеп  саясаты 2018-жылы кабыл алынган, бирок эсеп саясатына толуктоолор, өзгөртүүлөр ар бир тиешелүү эсептерде так көрсөтүлгөн эмес. Бул ката кетирүү тобокелдигин жогорулатат. Бухгалтердик эсептер баланстын калдыгы менен шайкеш келбеген учурлар бар. Камсыздандыруу полистерин берүү үчүн  түзүлгөн келишимдердин  атайын каттоо китепчеси жок, бул жагдай акча каражаттарынын толук түшпөй калуу тоболкелдигине алып келет.

**Сунуштама:**

“МКУ” ААКсынын бухгалтердик эсебин жүргүзүүдө, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык кайрадан эсеп саясаты толуктоолор менен иштелип чыксын жана кабыл алынсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Финансылык тармакты жетектөөдө, бухгалтердик эсеп жетиштүү деңгээлде уюштурулбагандыгына жана чарбалык операцияларды жүргүзүүдө мыйзамдарды бузууларга жол берген, “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коомунун Башкармалыгынын төрагасынын тиешелүү орун басарынын жоопкерчилиги каралсын.

2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коомунун ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча дал келбестиктер 101 980,7 миң сомго аныкталган, анын ичинен:

- ✓ Учурдагы чыгымдарды эсепке алуу боюнча мыйзам талаптарын аткарбоо - 89 813,9 миң сом, камсыздандыруу (техникалык) резервдерине чегерүүлөрдүн ченемдерин эсептөөнүн тартибин бузуу менен резервдердин көлөмүн туура эмес эсептөө (аудит учурунда түзөтүүлөр менен такталган БСД түзүлгөн);
- ✓ Негизги каражаттарды таануу, эсепке алуу жана амортизациялоо тартиби боюнча мыйзамдардын талаптарын бузуу - 10 365,7 миң сом, салыктык максаттарда негизги каражаттарга амортизациялык чегерүүлөрдүн өлчөмүн аныктоодогу бузуулар (такталган эсептөөлөр жүргүзүлгөн);
- ✓ Эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 169, 4 миң сом *(аудиттин жүрүшүндө ордуна коюлган)*;
- ✓ Командировкалык чыгымдарга байланыштуу бузуулар – 2,0 миң сом *(аудиттин жүрүшүндө ордуна коюлган)*;
- ✓ Бухгалтердик эсепте негизги каражаттарды баланстан чыгаруу боюнча мыйзам талаптарын сактабоо – 1 629,7 миң сом.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**